**Каралды:**
**Педагогикалык кеңештин**
**№1 протоколунда**
**“29” август 2022-жыл**

**Бекитем:**
**№ 94 жалпы орто билим берүү мектебинин милдетин аткаруучу**

**Ажыгулова К.К.**

# Бишкек шаарындагы № 94 ЖОББ мектебинин профилактикалык кеңешмеси жөнүндө жобо.

**1.Жалпы жоболор**

1.1. Мектепте профилактикалык кеңешме тартип бузууну алдын алуу, окуучунун окуу деңгээлин жана жүрүм турумун жакшыртуу максатында өтүлөт.
1.2. Профилактикалык кеңешменин мүчөлөрү мектеп директорунун атайын буйругу менен бекитилет. Кеңешменин мүчөлөрү мектеп администрациясынын мүчөлөрүнөн, мектеп психологу, социалдык педагог, мектеп президенти, ИДН кызматкери, МТУнун өкүлдөрү, ата-энелерден турат.
1.3. Профилактикалык кеңештин төрайымы (төрагасы), катчысы бекитилет.

**2. Профилактикалык кеңешменин милдеттери:**

2.1. Окуучулар арасындагы ар кандай укук бузуучулук жүрүм турумду (башкаларга салык салуу, үстөмдүк кылуу, сабакты себепсиз көп калтыруу, сабакты начар өздөштүргөн, алкогодук ичимдикти пайдалануу, тамеки, насвай чегүү, мугалимдер же башка окуучулар менен конфликт болуу ж.б.) алдын алуу;
2.2. Укук бузгандардын жүрүм- турумун түзөтүү жагдайына буруу;
2.3. Окуучулар арасындагы өз ара келишпестик мамилелерди жөнгө салуу
2.4. Окуучулардын окууга болгон мамилесин жакшырту;
2.5. Окуучуга көзөмөл кылуу үчүн ата-энесин жоокерчилигин күчөтүү;
2.6. Окууучуларга жана ата-энелерге түщүндүрүү иштерин жүргүзүү;
2.7. Окуу-тарбия ищтериндеги аныкталган кемчилектерди жоюу.

**3.Профилактикалык кеңештин укуктары;**

3.1. Үй-бүлөдөгү маселелердин чечилишине жардам берүүгө;
3.2. Окуучуларга жана ата-энелерге тиешелүү сунуштарды киргизүүгө;
3.3. Окуучулардын жана ата-энелердин мектептин уставына ылайык иш жүргүүзүүнү талап кылууга;
3.4. Окуучунун тартип бузуу дегээлине ылайлык эскертүү берүүгө, мектептин ички көзөмөлүнө, же ИДН дин көзөмөлүнө сунуштоого ;

**4. Профилактикалык кеңештин жүрушун уюштуруу:**

4.1. Профилактикалык кеңеш болор күнү алдын ала директор алдындагы

кеңешмеде белгиленип, өндүрүштүк кеңешмеде класс жетекчилерге эскертилет;
4.2. Кеңеш айына бир жолу же зарыл болгон учурда андан да көп болшун мүмкүн;
4.3. Профилактикалык кеңеште каралуучу маселелер окуучуларга жана анын ата-энелерине, профилактикалык кеңеш болор күнү, фактысын алдын ала класс жетекчи тарабынан билдирилет;
4.4. Профилактикалык кеңешке каралып жаткан окуучу өзүнүн ата-энесин же окуучунун милдети жүктөлгөн адам менен жана класс жетекчи болуп чогуу киришет;
4.5. Кеңешмеде каралып жаткан окуучу жөнүндө тарбия иштери боюнча директордун орун басары, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары же ИДН кызматкери билдирүү жасайт;
4.6. Класс жетекчи окуучуга кыскача мүнөздөмө берет;
4.7. Эгерде окуучу кайсы бир предметтен жетишпей жаткан болсо, предметтик мугалим кошо катышып, окуучунун сабак өздөштүрүү деңгээли жөнүндө маалымат берет;
4.8. Каралып жаткан маселе профилактикалык кеңештин мүчөлөрү жана ата-эне менен бирге талкууланып, себептери аныкталат;
4.9. Профилактикалык кеңештин жүрүшү жана чечимдери катчы тарабынан протоколго түшүрүлүп, көзөмөлгө коюлган окуучунун мөөнөтү белгиленет;
4.10. Белгиленген мөөнөтү бүткөндө, окуучу кайрадан профилактикалык кеңеште каралып, көзөмөлдөн чыгарылат, же көзөмөлдөгү мөөнөтү узартылат